**Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына үчүнчү расмий оппоненттин

# ПИКИРИ

**Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын түркология жана кыргыз тил илимдериндеги когнициялык лингвистиканын бир салаасы – лингвомаданият таануудагы маанилүү проблеманы изилдеген эмгек катары баалап, ишти квалиметриялык баалоо параметрлери аркылуу төмөнкү таризде талдоого болот.

## 1. Изилдөөнүн актуалдуулугу

Кыргыз тил илиминде когнициялык лингвистиканын лингвомаданият салаасынын идеяларынын, принциптеринин жана методдорунун белгилүү даражада системага салынбагандыгы, "адам" жана ага танапташ концепттердин атайын иликтенбегендиги; "адам" концептин вербалдаштыруучу каражаттардын аныкталбагандыгы, концепттердин жана категориялардын (элес, түшүнүк, фрейм, сценарий, схема, гештальт, пропозиция, когнитема ж.б.) аталган багытта колдонулбагандыгы, "адам" концептинин уютку – жанжака бел, денотация – коннотация, баштапкы–туунду, калыс – эмоциялуу, объективдүү - субъективдүү, чектүү – аралык параметрлеринин изилденбегендиги сыяктуу факторлор менен изилдөөнүн актуалдуулугу шартталат.

## 2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы

Жалпысынан алганда, «адам» концептинин тарыхы узак жолду басып өткөн жана анын танапташ илимдерде изилдениши (педагогика, психология, философия, социология, этнография ж.б.) бул маселенин чечилишин улам татаалдантып отурган. Улуттук/элдик мүнөз/аң-сезим, элдин духу/өзүн өзү аңдоосу, улуттук психология/мүнөз/өзгөчөлүк ж.б. сыяктуу категориялардын илим айлампасына кириши жаңы иликтөөлөрдү талап кылууда.

Бул багытта чет элдик жана россиялык илимпоздор ийгиликтүү иштөөдө (Ж.Р. Андерсон, Т.Р. Андерсон, Л.В. Барсалоу, Б. Шварц, С. Шифер С. Стил, Р. Жекендорф, Ж. Лакофф, А. Вежбицкая, Д.С. Лихачев, В.В. Колесов, Ю.С. Степанов, Е.С. Кубрякова, В.Н. Телия, Р.М. Фрумкина, В.И. Карасик, З.Д. Попова, И.А. Стернин, В.А. Маслова, Л.О. Чернейко ж.б. Кыргызстанда М.Ж. Тагаев, З.К. Дербишева, У.Д. Камбаралиева, Ы.А. Темиркулова, К.З. Зулпукаров, А. Абдулатов, М.А. Малабаев, С.С. Сейитбекова, А. Калмурзаева, Т. Төлөкова ж.б.-лардын эмгектери белгилүү. Орус тил



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 87-10-19 «11» 06 2021 ж/г

илиминде “Адам” концептин атайын иликтөөгө А.И. Геляева, Е.В. Федина, О.Б. Клевцова, Т.В. Сычева өңдүү илимпоздордун эмгектери арналган.

Бул диссертацияда «Адам» концептинин изилдөөдө - концепттин маңызын ачууда когнициялык (лингвомаданий) принциптер жетекчиликке алынып, зарыл илимий методдордун чебер пайдаланылат; макал-лакаптарда, учкул сөздөрдө, фразеологизмдерде чагылдырылган адам идеясы даана көрсөтүлүп, «адам» концептиндеги мазмундун түшүнүк, пропозиция, когнитема, схема, символ ж.б. когнициялык категориялардын жардамы аркылуу сыпатталат; «адам» концепти болмуштун бир фрагменти жөнүндөгү элестөөлөрдүн жана түшүнүктөрдүн системасынан турган менталдык талааны түзгөнгөндүгү далилденип, «адам» концептинин көлөмдүү денотаты такталат, коннотациясы жиктелет, аталган концепттин талаа моделин жана *адам* сөзүнүн семантикалык талаасын түзүүнүн алгачкы кадамы жасалат; адам философиялык, социалдык-тарыхый, биологиялык, мифологиялык, укуктук, этномаданий, адабий-көркөмдүк ж.б. касиеттерге эгедерлиги тастыкталат. Иликтөөнүн жогорку параметрлери кыргыз лингвистикасында, анын ичинде лингвомаданият таанусунда өзгөчө жаңылык катары саналат.

### 3. Териялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү

Эмгектен чыгарылган илимий-теориялык жыйынтыктар жана корутунду (264-280-бб.) кыргыз аңызында лингомаданият таануунун теориялык корун байытууга, анын илимий аппаратын иштеп чыгууга, мындан ары «адам» концептин иликтөөгө белгилүү даражада өз салымын кошот. Диссертацияда эмпириялык жана теориялык деңгээлдеги жалпы жана лингвистикалык методдор чебер пайдаланылат: санак, анализ, интерпретация, байкоо, сыпаттоо, байкоо, талдоо, эксперимент, топтоштуруу, моделдештирүү, тилдик талааны анализдөө ж.б. Ушул турпатында аталаган эмгек кийинки когнициялык лингвистикалык (лингвомаданият таануу) иликтөөлөргө теориялык жана методологиялык үлгү болоруна шек жок.

### 4. Изилдөөнүн практикалык мааниси

Диссертациянын материалдары жана негизги жоболору когнициялык лингвистика (лингвомаданият таануу) кыргыз тилинин лексикологиясы, паремиологиясы жана фразеологиясы боюнча лекциялар курсунда, атайын курстарды окууда жана атайын семинарларды өткөрүүдө кеңири пайдаланылат.

### 5. Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы

Изилдөөгө керектүү материалдарды жыйноо, аларды системалаштырып, тийиштүү эмпириялык-теориялык методдор менен иликтеп, жыйынтыктарды чыгаруу жеке авторго гана таандык. Изилдөөчүнүн проблеманы изилдөөгө кошкон салымы зор.

## 6. Эксперименттик жана иллюстрациялык материалдары

Кыргыз элинин макал-лакаптары, учкул сөздөрү, заманбап поэтикалык ой казынасынын туундулары (кыргыз кесипкөй адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармалары) диссертацияда иллюстрациялык материал катары кеңири пайдаланылат. Темага байланыштуу психологиялык эксперимент жүргүзүлүп, алынган жооптордон тийиштүү жыйынтыктар чыгарылган.

## 7. Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү

Эмгектин жаңылыктар менен натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдөө үчүн анын жоболоруна таянуу оң. Иште коргоого коюлган 6 жобо жаңычыл мүнөзгө ээ.

«Адам» концептинин лингвомаданий багытта изилдөөдө тийиштүү когнициялык, лингвомаданий категориялардын, методдордун жана принциптердин жардамы аркылуу алынган илимий жаңылыктар жана жыйынтыктар ишенимдүү, кыргыз тилинин лексикалык бирдиктеринде, макал-лакаптарында, учкул сөздөрүндө, фразеологизмдеринде чагылдырылган «адам» концептине байланыштуу ойлорду топтоштуруу, талдоо далилдүү, «адам» концептинин мазмунун зарыл категориялардын жардамы аркылуу (түшүнүк, пропозиция, когнитема, схема, символ ж.б.) жиктөө актуалдуу, микроталааларды түзүү, концептти (адам) менталдык система экендигин тастыктоо келечектүү, «адам» концептинин жалпы адамзаттык мүнөзүн ачуусу баалуу, адамга тийиштүү лексика элдин жашоо образы (тиричилиги, маданияты, ой жүгүртүүсү ж.б.) менен тыгыз изилдениши ынанымдуу, концепт - көлөмдүү менталдык бирдик, адам ойломунун негизги куралы катары структурага ээ экендигин көрсөтүү максатка ылайыктуу, «адам» концептинин жалпы денотаты өтө көлөмдүү (*адам, киши, пенде, инсан, кайсы бир жан* ж.б.) болорун сыпаттоо, адамга байланыштуу номинациялык бирдиктердин системага салынышы далилдүү, аталган концепттин негизги түшүнүктөр (диний, мифтик, укуктук, илимий, этномаданий, антропологиялык) аркылуу тастыкталышы ишенимдүү, «адам» концептинин денотациялык жана коннотациялык катмарларынын талданышы маанилүү, концептке тийиштүү синонимдик жана антонимдик катмардын көрсөтүлүшү, ага танапташ концепттердин байланышынын аныкталышы, «адам» концепти чагылдырган сын-сапаттар, кулк-мүнөздөр аң-сезимдин, руханий дүйнөнүн, коомдук жашоонун жана адам баласынын маданий-социалдык өнүгүүсүнүн зарыл компоненти экендигинин далилдениши актуалдуу, «адам» концептинин провербиалдык бирдиктерде этностук когнитемаларды жаратуу активдүүлүгүнүн айкындалышы, алардын топтоштулушу маанилүү.

Кыскасы, изилдөөнүн жыйынтыктары далилдүүлүгү жана ишенимдүүлүгү диссертациядагы факт-материалдардын арбындыгынан, табылгалардын жаңылыгынан, жоболордун ишенимдүүлүгүнөн, сунуштардын негиздүүлүгүнөн, ой-пикирлердин далилдүүлүгүнөн даана байкалат.

**8. Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси**

Автор тарабынан алынган жаңылыктар кыргыз тил илими үчүн жаңы жана перспективалуу болгондуктан, алар мындан аркы когнициялык иликтөөлөргө илимий-теориялык жана методологиялык кор болуп бере алат. Практикалык жактан аталган тема боюнча жогорку окуу жайларында лекция өтүүдө, окуу куралдарын жазууда, курстук, дипломдук, магистрлик, кандидаттык жана докторлук иштерди жазууга таяныч болууга жарактуу.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо**

Диссертант тарабынан коргоого коюлган жоболор жаңы, ал эми чыгарылган тыянактар менен корутунду кыргыз тил илими үчүн жаңы жана келечектүү. Диссертация - толук бүткөн, баалуу концепцияны чагылдырган жеке илимий-квалификациялык иш. Диссертациядагы ишенимдүү жоболор, жыйынтыктуу тыянактар жана концепциялык маанидеги корутунду 1 монография жана 19 илимий макалада даана чагылдырылган. Кыргыз жана орус тилдериндеги авторефераттар диссертациянын мазмунун кыска жана толук чагылдырат.

**10.Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү**

Диссертацияда жазууда автор илимий стилдин лексикалык, грамматикалык мүмкүнчүлүктөрүн, кептин фунциялык-маанилик типтерин (баяндоо, сыпаттоо, ой жүгүртүү) ыгы менен пайдалана алган.

**11.Сын-пикирлер жана сунуштар**

М.Е.Дарбановдун диссертациялык изилдөөсүндөгү атап кетчү кээ бир мүчүлүштүктөр бар.

1. «Адам» концепти изилдөөнүн негизги объектиси болгондуктан, диссертациянын киришүүсүнүн 5-чи бетинде: *Азыркы лингвистикада "Адам" концептинин семантикалык талаасын изилдөө боюнча бир нече иштер аткарылган. Алсак, О.Б. Клевцова адамдын денесине байланыштуу концепттерди байыркы орус тили менен байыркы кытай тилин салыштырып анализдөөнүн материалында когнитивдик жактан моделдештирип чыккан (2007). Ошондой эле, Т.В. Сычева орус тилиндеги буюмдардын аталыштарын камтыган фразеологиялык бирдиктер негизинде "Адам" концептин вербалдаштырган (2012)* - деп автор жазат, бирок пайдаланылган адабияттарда бул авторлор жана алардын эмгектери көрсөтүлгөн эмес.
2. Диссертациянын изилдөөгө арналган көлөмү 268 (киришүү, колдонулган адабяттар менен тиркемени алып салганда) беттен турат. 1- бап 28 бет, 2-чи бап 3,5 бет, 3- 236 бет. Баптардын беттеринин катнашында пропорция жок. Биздин оюбузча, (80-90) - (80-100) - (80-120) болуш керек эле. Бул, жок дегенде, зарыл пропорцияга жакыныраак болмок.

3. Концепти изилдөө ык-амал, жолдору диссертацияда кенен каралган эмес.

4. Диссертациянын изилдөөнүн темасына ылайык 1-бапта, биздин оюбузча, негизи теориялык өбөлгөлөр болгондуктан, тилдик сүрөт жана дүйнөнүн тилдик сүрөтү жөнүндө түшүнүк берилиш керек эле. Тилекке каршы, жогорку маалыматтар эмгекте жок.

5. Ушундан улам "3.1. "Адам"концептинин философиялык катмарынын мазмуну; 3.2. "Адам" концептинин социалдык-тарыхый жана биологиялык катмары; 3.3. "Адам" концептинин мифологиялык катмары; 3.4. "Адам" концептинин деривациялык катмары"; "3.5. Антропологиялык концепттердин этимологиялык катмарына сереп" деген параграфтар 1-чи баптын курамында болуш керек эле. Себеби бул - теориялык бөлүк.

6. 2.1. Изилдөөнүн булактары жана лексика-семантикалык бирдиктер аталыштагы параграфта (43-б.) изилдөөнүн булактары киришүүнүн 8-чи бетинен эч бир өзгөрүүсүз алынып коюлган.

7. 3.7. Антропологиялык алкактагы негизги түшүнүктөр деген 1. "Адам" концептине байланыштуу айрым диний жана мифологиялык түшүнүктөр; "Адам" концептине байланыштуу юридикалык түшүнүктөр ж.б. Бул параграфтар да теориялык бөлүк эмеспи?

8. Дүйнөнүн когнитивдик тилдик сүрөтүндө "адам" концептин изилдеп ачып бериш үчүн *фрейм, сценарий, скрипт* деген түшүнүктөрдү теория түрүндө гана калтырбастан (бир аз гана берилген), практика жүзүндө дагы көрсөтүп аныктаса, изилдөөнүн натыйжалары толук кандураак болмок.

9. Кээ бир таблицалар алдыга жылып кеткен (3.2 – таблица 109-беттен 111-бетке; 3.3- таблица 110-беттен 112-бетке; 3.4 – таблица 116- беттен 117-бетке).

10. Техникалык жана орфографиялык, пунктуациялык каталар кездешет (47, 48, 50-53, 57, 97, 103, 106-114, 118, 132, 140-144, 178- бб. ж.б.).

11. Библиография талапка ылайык түзүлгөн эмес.

**Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу докторлук диссертациясына карата түзүлгөн квалиметрикалык матрица

| № | Баалоо параметри | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Актуалдулугу | | + | | | | 9 |
| 2. | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | | | + | | | 8 |
| 3. | Териялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | | | + | | | 8 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Иштин практикалык мааниси | | + | | | | 9 |
| 5. | Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы | | | + | | | 8 |
| 6. | Эксперименттик жана көргөзмө материалдары | | | | + | | 7 |
| 7. | Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | | | + | | | 8 |
| 8. | Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси | | | + | | | 8 |
| 9. | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | | | | + | | 7 |
| 10. | Тилдин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү | | | + | | | 8 |
| | | | | | | | 80 |

**Изденүүчү Маккамбай Ерматович Дарбановдун «Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүндөгү «адам» концепти»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы - толук кандуу илимий эмгек жана ал Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын филология илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуучуларга койгон талаптарына толук жооп берет, ал эми диссертант 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору илимий даражасын алууга толук акылуу.

Үчүнчү расмий оппонент, филология илимдеринин доктору,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз-Кытай факультетинин кытай тили жана адабияты кафедрасынын профессору — Б.Б. Нарынбаева

Нарынбаева Б.Б. кол тамгасын тастыктайм.
АКБ башчысы: /Курманова Н.Б./

8-июнь, 2021-жыл.